
**К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде инновациялык технологияларды жана методдорду колдонуу**

Азыркы учурдун талабына ылайык окуу-тарбия процессин өнүктүрүү, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу аркылуу коомдо өзүнүн ордун таба билген, ар тараптуу өнүккөн инсанды даярдоодо, окуучулардын билимин тереңдетип өнүктүрүүдө ар бир мугалим инновациялык технологияларды колдону менен сабак өтүп келишет. 2016-жылы Казыбай Чылабаев агайыбыздын үй бүлөсү демөөрчү болуп, 1 интерактивдүү доска, ноутбук жана проектор менен жабдып, тарых кабинети азыркы күндүн талабына ылайык заманбап жасалгаланды.





Өзгөчө компьютерлерди колдонуу менен техникалык каражаттарды колдонуп көрсөтмөлүү жогорку деңгээлде мультимедиалык сабактарды өтүштү. Окуучулардын билим деңгээли, эске тутуусу өтүлгөн сабактардан, алган билимдеринен даана байкалат. Окутуунун инновациялык методдорун колдонуу аркылуу кыргыз элинин салттарын жана маданиятын терең сыйлаган окуучулар тарбияланып келүүдө.

Окуу-тарбия ишинде окутуунун инновациялык усулдарын колдонуу менен 2017-2018-жылында Билим Берүү Илим Министирлиги тарабынан 2 түстүү телевизор келип, башталгыч класска жана компьютердик класска орнотулган.

Түстүү телевизордун жардамы менен интернет булактарынан сабактарына керектүү маалыматтарды алып көрсөтүп жатышат. Мамлекеттик тилдин айлыгынын алкагында класс жетекчилер Мамлекеттик тил, «Манас» эпосу, каада-салттар, улуттук оюндар, тамак-аш, кийим-кечесин даңазалоо максатында класс жетекчилер тарбиялык саттарды өтүштү. Анын ичинен Молдакунова Айзаданын, Калысбек уулу Мирландын сабактары жогорку деңгээлде болду. Интерактивдүү доска менен интерактивдүү ыкмаларды колдонуу менен сабакта кыргыз тилине байланыштуу видеолор, ырлар, бийлер, улуттук каада-салттар көргөзүлдү. 12-октябрь «Кыргыз тилим – кыйырым» деген аталышта 11-класстарга конференция өтүлдү.

Конференцияда кыргыз тили жана адабияты мугалимдери окуучуларга интерактивдүү доска аркылуу кеңири маалымат берилип, окуучулар арасында кызуу талкуу жүрдү. Өтүлгөн ачык сабактарда интерактивдүү ыкмалар, дидактикалык каражаттар орду менен колдонулуп, көрсөтүлдү. Сабакта кошумча материалдар, тема боюнча интернет булактарынан алынган маалыматтар колдонулду.

24-ноябрда 3-б классынын класс жетекчиси Арымбаева Турсунбүбү математика сабагынан «Үч амалдуу маселе» темасында интерактивдүү усулдарды колдонуп, көргөзмөлүү ачык сабак өттү. Сабакты мамлекеттик стандартка ылайык өтүп окуучулардын негизги компетенттүүлүгүн өнүктүрө алды.

Декабрь айында 10-б класста Адилов Кадырбек "The beginning of America" деген темада ачык сабак өттү. Мугалим сабакты интерактивдүү досканы пайдалануу менен өтүп, окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун активдүүлүгүн жакшырта алды. Курманалиева Рыскан 8- класска «Суутек-Химиялык элемент» деген темада ачык сабак өтүп, сабакта интерактивдүү досканын жардамы менен видео, слайд, сүрөттөрдү пайдаланып, интерактивдүү усулдарды колдондуу менен тажрыйбаларды да көргөзүп берди.

Scanned by TapScanner



Инновациялык технологияларды, жаңы маалыматтарды сабактарда колдонуу менен окуучулардын сүйлөө кебин, окуп түшүнүүсүн, көркөм окуусун жакшыртуунун үстүндө иштөө пландалды. Дүйнөнү өзгөртөм десең, анда ал ишти алегенде өзүндөн башта деген сыңары, 2018-2019-окуу жылында да, бүгүнкү замандын жаны рухий инсанын, жаңы денгээлдеги илим билимди калыптандыруусу боюнча интерактивдүү методдорду колду менен көптөгөн сабактар өтүлдү жана ЖРТ даярдоо окуу курсуна предметтик мугалимдер барып, 1 ноутбук, экран проектор бир ламинатор, бир байндер, бир түстүү принтер келди. Демөөрчү Э.Дүйшекеев тарабынан 5 компьютер келип, окуучулар информатика сабагынан кеңири компьютерди колдонуп өтүшүүдө. Англис тили мугалими Исмаилова Мунаркүл 4"-класста «Days of the week» деген темада интерактивдүү досканы пайдалануу менен ачык сабак өтүп, сабакта берилген слайддар, тапшырмалар окуучулардын кызыгуусун арттырып,сабакка активдүү катышышты.





10 жылдыктар тарабынан бир комьпютер белекке барилип, замандын талабына ылайык ар бир мугалим слайд жазап, интерактивдүү ыкма менен сабак өтүп келишет. Мугалимдик кесип ардактуу, түйшүктүү кесиптердин бири. Бардык кесиптин ээлери мугалимден билим, тарбия алат. 2018-2019-окуу жылында биздин мектепкке демөөрчүлөр тарабынан Кесип тандоо борборун ачып, бир компьютер бир проектору менен алынып келинип интерактивдүү кабинетке орнотулду. Мында жалпы мугалим терең ыраазычылыгын билдирип,мындан ары да интерактивдүү сабак өтүүгө кеңири жол ачылганан айтып өтүштү.




Scanned by TapScanner

Азыркы учурдун талабына ылайык ар бир мугалим өздөрүнүн сабактарын интерактивдүү досканы пайдаланып окуучуларга билим берип келишет. Интерактивдүү досканы пайдалануу менен тарых сабагынын мугалими Мамытова Рахат «Киев Русу-байыркы орус мамлекети» деген темадан окуучуларга кызыктуу сабак өтүп, мында окуучулар интерактивдүү доска менен иштей ала тургандыгын далилдешти.



Кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалимдери Мамырканова С. жана Орозалиев Э. проекторду пайдалану менен «Кыргыз жазуусунун тарыхы» деген темада конференция өтүшүп, доклад окулду тилдин жаралуу тарыхы тууралуу кенен маалымат беришти. Окуучулар кызыкан суроолорду беришип, толук жооп ала алышты.




2019-2020-окуу жылынын март айынан баштап дүйнөнү каптаган эпидемиянын учуру да бизге залакасын тийгизип, окуучулар аргасыздан дистанттык билим алууга өтүшүп, окууларын улантышты. Дистанттык окуу учурунда агай-эжейлерибиз inshot, power point жана башка программалар менен видео сабактарын жасашып, окуучуларга талыкпай билим берип жатышты. Мектеп 2020-2021-окуу жылында Ага Хан проектиси тарабынан 1 МФУ принтер жана 5 компьютер менен жабдылды. 2020-2021-окуу жылынын 3-чейрегине чейин өлкөдөгү кырдаалга байланыштуу дистанттык окуу жүргүзүлдү. WhatsApp, Zoom менен сабак өтүлүп Scoompa Video, Kine Master, Power Point прогроммалары менен видео сабактар жасалып, окуучулар менен жигердүү иш алып барылды. 3-чейректен баштап мектеп толук окууга өтүп, окуучуларды кызыктыруу максатында конкурстар ачык сабактар өтүлүп жатат. Предметтик декадалар башталып, интерактивдүү досканы пайдалануу менен биргеликте абдан кызыктуу сабактар, таймаштар, конкурстар болуп өтүүдө.

Scanned by TapScanner






Орус тили сабагынын мугалим Боконова раушандын 3-класстар арасында өткөн конкурсу.




15-февраль «Апаттуу ооган согушу»   болгон иш чара

Scanned by TapScanner





Кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалими Мамырканова Сейилдин 8-класстары арасында Манас таймашуу конкурсунан.

Жалпысынан К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинде 2016-окуу жылынан жаштап, 2022- окуу жылына чейин төмөндөгүдөй интерактивдүү доскалар компьютер, ноутбук, проектор жана телевизорлор менен жабдылып, окутуунун жаңы технологиясы менен иш жүрүүдө.

| | Компьютер | Интерактивдүү доска | Проектор | Ноутбук | Телевизор | Өздүк ноубуктар | Принтер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2016-2017-окуу жылы** | 10 | | 2 | 1 | 2 | | 2 |
| **2017-2018-окуу жылы** | 12 | | | | | | 1 |
| **2018-2019-окуу жылы** | | | | | | 1 | |
| **2019-2020-окуу жылы** | | 1 | 2 | 2 | 1 | 3 | |
| **2020-2021-окуу жылы** | | | | | | 2 | 1 |
| **Баары** | 22 | 1 | 4 | 3 | 5 | 6 | 4 |

Scanned by TapScanner